Долбоор №: KGZ-1019

# КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУ

ортосундагы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

ЖАНА

ИСЛАМ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН

КОРУМДУ – БАЛБАЙ БААТЫР УЧАСТОГУНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ АЙЛАНМА АВТОЖОЛУН РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ДОЛБООРУ БОЮНЧА

**Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы Корумду – Балбай участогундагы Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо долбоору жөнүндө Кредиттик макулдашуу**

**Бул** Насыялык макулдашуу **(Макулдашуу) 27___ /_05__** 1442Х түзүлгөн, 11/01/2021 Ж. туура келет.

**Кыргыз Республикасы** (мындан ары **«Алуучу»** деген аталышта) жана **Ислам Өнүктүрүү Банкынын** (мындан ары **«Банк»** деген аталышта) ортосунда. Алуучу жана Банк мындан ары өз алдынча **«Тарап»** жана чогуу **«Тараптар»** деп аталышат.
Мунун негизинде,

A. I-тиркемеде көрсөтүлгөндөй Алуучу Банкка Кыргыз Республикасындагы, Корумду – Балбай участогундагы Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо долбоорун каржылоого көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган (мындан ары **«Долбоор»** деген аталышта);

B. Банктын максаттарынын бири катары катышуучу-мамлекеттеринин долбоорлорун жана өнүктүрүү программаларын каржылоого насыя берүү жолу менен көмөк көрсөтүү болуп эсептелет;

C. Банк төмөндө баяндалган шарттарда Алуучуга, 2-беренеде көрсөтүлгөндөй насыяны жактырды (мындан ары **«Насыя»** деген аталышта); жана

D. Араб координациялык тобу Сауд өнүктүрүү фонду, Кувейт фонду араб экономикалык өнүктүрүү, Абу-Даби өнүктүрүү фонду, жана ОПЕК эл аралык өнүктүрүү фонду курамында Долбоору каржылайт.

**Жогоруда баяндалгандарды эске алып,** Тараптар төмөндөгүлөр тууралуу келишимге келишти:

**I-берене. Жалпы шарттар, аныктамалар жана талкуулар**

1.1. Тараптар, бул Макулдашууда толугу менен баяндалган болсо, ошондой эле күчтө жана кыймылда Жалпы шарттардын бардык жоболорун кабыл алышат.

1.2. Эгер контекстте башканы талап кылбаса, анда Жалпы шарттарда жана бул Макулдашууда аныкталган терминдер, бул Макулдашууда ага берилген мааниге ээ. Андан тышкары, төмөндөгү терминдер берилген мааниге ээ болушат:

**Консультант** долбоорду ишке ашырууга, бул Макулдашуунун жоболоруна ылайык тандалып алынган өз алдынча консультант, ошондой эле консультациялык фирма

**Төлөм процедурасы** банктын колдонуудагы «Төлөм процедурасы», ошондой эле андагы ар кыл түзөтүүлөр.

**Төлөм** бул Макулдашууда каржылоого каралган компоненттердин наркын төлөө үчүн Насыядан ар кыл каражат алуу.

**Аткаруучу агентство** макулдашуунун 6.1 бөлүмүндө аныкталган, Алуучунун атынан жана Алуучу үчүн Долбоорду ишке ашырууга жоопкерчиликтүү - орган.

**Биринчи төлөм:** күчүнө киргенден кийинки бул Макулдашууга жана төлөмдөрдүн жол-жобосуна ылайык жүргүзүлгөн биринчи төлөм.

**«Жалпы шарттар»** «Банктын аткаруучу директорлорунун Кеңеши тарабынан жактырылган (резолюция СИД № 47/BED/96/10(27),8/11/1976-жылындагы Банктын Насыясына жана Кепилдик берүүчү макулдашууларына колдонулган, Жалпы шарттар.

**«Насыя/Насыянын суммасы»** 2-беренеде көрсөтүлгөндөй, Банктын Алуучуга бөлүп берүүгө макулдугун берген - сумма.

**«Негизги сумма»** бул Макулдашууга ылайык Төлөмдүн жалпы суммасы.

**«Сатып алуулар боюнча колдонмо»** «Банктын долбоордук каржылоо алкагында Товарларды жана тейлөөлөрдү сатып алуусу боюнча Колдонмосу (2019) жана Банктын долбоордук каржылоо алкагында консультациялык кызмат сатып алуу боюнча Колдонмосу (2019)

**«Долбоор»** жогорудагы преамбулада көрсөтүлгөндөй А-пунктунда берилген, долбоор.

**Жазалануучу практикалар:** ар кандай коррупциялык тажырыйбасы, мажбурлоо тажырыйбасы, көмүскө бүтүм чыгаруу тажырыйбасы, алдамчылык же тоскоол болуучу кыймылдар:

(i) **«Коррупция тажырыйбасы»**: башка тараптын кыймылына укукченемсиз таасир тийгизүү максатында тикелей же көмүскө түрүндө кандайдыр бир баалуу нерсени сунуштоо, берүү, алуу же мажбурлоо болуп эсептелет.

(ii) **«Мажбурлоо тажырыйбасы»**: башка тараптын кыймылына укукченемсиз таасир тийгизүү максатында ал тарапка же ал тараптын мүлкүнө тикелей же көмүскө түрүндө зыян тийгизүү кыймылы же аракети.

(iii) **«Көмүскө бүтүм чыгаруу»:** башка тараптын кыймылына укукченемсиз таасир тийгизүү, ошондой эле эки андан көп тараптардын орстосундагы укукченесиз максаттарга жетүүгө багытталган келишим эсептелет.

(iv) **«Алдамчылык тажырыйбасы»:** кайсы бир тарапты каржы же андан башка пайда көрүү, же жоопкерчиликтен баш тартууда атайы же жоопкерчиликсиз түрдө адаштыруу же адаштыруу үчүн аракет кылуу максатындагы аракет же аракетсиздик

(v) **«Тоскоолдук кылуучу кыймылдар»**: төмөндөгүлөрдү билдирет: (a) коррупция, алдамчылык, кысым көрсөтүү же көмүскө бүтүм чыгаруу чактылары табылган учурда Банк тарабынан изилдөө жүргүзүү учурунда башка тарапка кысым көрсөтүп, изилдөөгө тиешелүү маалыматтары бар жакка тоскоолдук кылуу; же изилдөөгө маанилүү болгон маалыматтарды атайы жок кылуу, алмаштырып салуу же жашыруу,

бурмалоо, же (b) коррупция, алдамчылык, кысым көрсөтүү же көмүскө бүтүм чыгаруу факторлору боюнча Банк тарабынан контракттын чегинде изилдөө жүрүзүү учурунда маалыматтарды алууга тоскоолдук жараткан кыймылдар.

**Тейлөөлөр үчүн төлөм:** Жалпы шарттардын 3.02 жана бул Макулдашуунун 3.2 Бөлүмүнө ылайык Банктын Насыяны башкаруудагы кеткен чыгымдарын жабууга болгон төлөм.

1.3 Талкуулар:

(i) «тиркеме», «график»- эгер башка кездешпесе, тиркемеге, макулдашуунун графигине же мындай шилтеме кездешкен документ, талкууга алынат;

(ii) «бирге» - «чектөөсүз» шилтемеси катары талкууланат;

(iii) Бул Макулдашуу же башка бир Макулдашуу же документ бул Макулдашууга шилтеме катары талкууланат же учурдагы абалга жараша мезгили менен оңдоого, өзгөртүүгө, индекстөөгө же кошумча киргизгө туура келген же тура келүүчү башка бир Макулдашуу же документ.

(iv) «Берене», «Бөлүм», «абзац» же «преамбула», эгер башка көрсөтүлбөсө, бул Макулдашууда көрсөтүлгөндөй эле талкууланат;

(v) Бул Макулдашуунун мазмуну жөн гана ыңгайлаштыруу максатында көрсөтүлгөн, жана бул Макулдашуунун кандайдыр бир мааниде тил негизин же көлөмүн чектөө же жогорулатуу максатында талкууланбашы керек;

(vi) Жекелик сан көптүк санды камтый ошондой эле тсекерисинче; жана

(vii) «күн» жана «жыл» - бул Грегориан календары боюнча күн, ай жана жыл.

**2-берене. Насыя**

2.1 Банк Алуучуга 14 533 088 ИД (он төрт миллион беш жүз отуз үч миң ислам динары) эквивалент түрүндө болжол менен 20 000 000,00 АКШ долл. (жыйырма миллион АКШ доллары) өлчөмүндөгү суммадан ашпаган Насыя бөлүп берет.

2.2 Банктын бул макулдашуунун чегинде Насыя берүү милдети төмөнкү шартта аткарылат:

(i) бул Макулдашуу 180 (жүз сексен) күндүн ичинде кол коюулгандан баштап күчүнө кирет; жана

(ii) биринчи төлөм Макулдашуу күчүнө кирген күндөн баштап 180 (жүз сексен) күндүн ичинде жүргүзүүгө кат берилиш керек.

2.3 Насыянын каражатынын эсебинен каржылануучу сатып алууларды жүргүзүүгө Банктын башка жолдорго макулдугун бербеген учурлардан башка учурда, товар жана тейлөөлөрдү сатып алуулар Колдонмого ылайык аткарылат. Ушуга байланыштуу Алуучу Ислам Конференциясын Уюштуруу Тартибин бойкотун сактайт.

2.4 Төлөм күчүнө кирүү күнүнөн баштап жүргүзүлө баштайт жана 15/07/2025-ж. чейин **(Жабуу күнү)**. Алуучу тарабынан ар кандай Төлөмдөр үчүн суроо бул Макулдашуунун II-тиркемесинин С графигине жана бул макулдашуунун, Жалпы шарттарынын жана Төлөм процедурасынын башка жоболоруна ылайык келиши керек.

2.5 Насыянын эсебинен Алуучу тарабынан алынган бардык суммалар Долбоордун гана максаттары үчүн пайдаланылышы керек.

2.6 2.7. бөлүмүнүн шартында, бул Макулдашуунун чегиндеги Товарлар жана тейлөөлөр үчүн төлөмдөр, төлөм процедурасына ылайык тикелей төлөм менен жүргүзүлүшү керек.

2.7 Зарылчыл болгон учурда, Алуучунун борбордук банкында же Банкка туура келген жергиликтүү коммерциялык банкында Долбоорго ыңгайлуу жана өз убагында төлөө үчүн АКШ долларында атайы эсеп ачылат. Атайы эсептеги эң жогорку сумма 500 000,00 (беш жүз миң АКШ долл.) ашпашы керек. Атайы эсепти толтуруу жана башка маселелер Атайы эсепти ачуу Колдонмосуна ылайык аткарылышы керек.

**3-берене. Негизги сумманы төлөө жана тейлөөлөр үчүн төлөмдөр**

3.1 Алуучу Негизги сумманы 25 (жыйырма беш) жылдын ичинде төлөп бүтүшү керек, 7 (жети) жыл жеңилдетилген мөөнөт менен, бул Макулдашуунун күнүнөн баштап кийинки 36 (отуз алты) А-графиктин II-тиркемесине ылайык жарым жылдык төлөмдөр менен.

3.2 II-тиркеменин В-графигинде баяндалгандай Алуучу тейлөөлөр үчүн Банкка баштапкы баалангандай 806 913 ИД (сегиз жүз алты миң тогуз жүз он үч ислам динары) төлөп берет же 1 110 450 АКШ доллар (бир миллион жүз он миң төрт жүз элү). Тейлөөлөр үчүн төлөм бул Макулдашуунун күнүнөн баштап жүргүзүлө баштайт жана Банктын Насыялар боюнча тейлөөлөр үчүн төлөмдөрдү эсептөө жана алуу боюнча Колдонмосуна ылайык аткарылышы керек.

3.3 3.2 бөлүмүндө эскертилген тейлөөлөрдүн суммасы божомол менен берилген, бул болсо долбоорду ишке ашыруу учурунда жана насыянын суммасын төлөө учурунда бул жерде каралгандай болот дегенди билдирет. Тейлөөлөр үчүн Төлөмдүн факт түрүндөгү суммасы Долбоор ишке ашкандан кийин эсептелет, бирок бул сумма 1,5% (бир жарым пайыз) ашпаган шартта насыянын суммасынан.

3.4 Бул Макулдашуунун чегинде аткарылган төлөм, ошондой эле Негизги сумма үчүн төлөм, Банктын бул максаттар үчүн көрсөткөн эсебине которулуп берилсе, анда бул суммалар бекитилген тартипте төлөнүп берилди деп эсептелет.

3.5 3.4 бөлүмүндөгү жоболорго терс таасирин тийгизбей, бул Макулдашуунун чегинде аткарылган ар кандай төлөм бекитилген тартипте аткарылды деп эсептелинет, эгерде төмөндө көрсөтүлгөн Банктардын бири мындай төлөмдү кабыл алгандыгы жөнүндө тастыктаса.

| | US Dollar | Pound Sterling | Euro |
|---|---|---|---|
| A/c Name: | Islamic Development Bank, Jeddah, Saudi Arabia (Swift: ISLDSAJEXXX) | | |
| IBAN: | GB36SINT60928000159111 | GB40SINT60928000159137 | GB89SINT60928000159127 | FR7643899000019696500151088 |
| A/c No.: | 159111 | 159137 | 159127 | 96965 001 51 0 |
| Bank/ Address: | Gulf International Bank (UK) Ltd, One Knightsbridge, London United Kingdom (Swift: SINTGB2LXXX) | | | Union de Banques Arabes et Françaises 92523 Paris, Neuilly Cedex, France (Swift: UBAFFRPP) |
| Correspondent Bank: | HSBC Bank, 452 Fifth Avenue New York, NY 10018, USA (Swift: MRMDUS33XXX) | | Deutshe Bank AG Frankfurt AM Main (Swift: DEUTDEFFXXX) | Credit Agricole SA Paris, France (Swift: AGRIFRPP) |

3.6 Эгер Алуучу тарабынан тиешелүү валютада төлөм ишке ашыруу күнү Банктардын расмий түрдө операцияларды жүргүзүү үчүн жабык болгон күнүнө тура келип калса, анда мындай төлөм банктын операциялар үчүн ачык болгон кийинки күнүндө жүргүзүлүшү керек.

3.7 Бул Макулдашуунун чегинде каралган кайсы бир сумманы төлөө Алуучу тарабынан кечиктирилсе, Алуучу каралган суммага кошумча Ислам шариатынын мыйзамдарына ылайык:

(i) Банкка төлөмдү кечиктирилгендин натыйжасында Банк тарткан (кайсы бир юридикалык чыгымдар менен чектелбестен) факт түрүндө кандай гана чыгым болбосун компенсация кылып берүүгө тийиш.

(ii) Мөөнөтүнөн өткөн сумма боюнча төлөм үчүн Банкка комиссия төлөө, ар кайсы мындай мөөнөтүнөн өткөн төлөмгө комиссия эсептелет жана Банк аныктаган төмөнкү көрсөтүлгөн формула менен эсептелгенден кийинки сумма колдонулат:

$$\frac{A \times B \times C}{360}$$

Бул жерде: «А» төлөнбөгөн сумманы билдирет:

«В» жылына 0.1%; жана

«С» төлөмдүн күнүнөн баштап жана ошол күн кошулган күндөрдүн саны, ошондой эле чыныгы төлөмдүн күнүн кошуп (чечимге чейин жана кийин)

Банк тарткан бардык фактылык чыгымдардан кийин бул Статьяга ылайык кандайдыр бир сумманы Банктын Фондунун Вакф Эсебине киргизет.

| | US Dollar | Pound Sterling | Euro |
|---|---|---|---|
| A/c Name: | Islamic Development Bank, Jeddah, Saudi Arabia (Swift: ISLDSAJEXXX) | | |
| IBAN: | GB36SINT60928000159111 | GB40SINT60928000159137 | GB89SINT60928000159127 | FR7643899000019696500151088 |
| A/c No.: | 159111 | 159137 | 159127 | 96965 001 51 0 |
| Bank/ Address: | Gulf International Bank (UK) Ltd, One Knightsbridge, London United Kingdom (Swift: SINTGB2LXXX) | | | Union de Banques Arabes et Françaises 92523 Paris, Neuilly Cedex, France (Swift: UBAFFRPP) |
| Correspondent Bank: | HSBC Bank, 452 Fifth Avenue New York, NY 10018, USA (Swift: MRMDUS33XXX) | | Deutshe Bank AG Frankfurt AM Main (Swift: DEUTDEFFXXX) | Credit Agricole SA Paris, France (Swift: AGRIFRPP) |

3.8 Эгер Алуучунун төлөмдүн убагында төлөй албай жаткандыгынын Алуучунун өз милдетин атайы аткарбай жаткандыгына байланыштуу эмес экенин Банкка канааттандырарлык түрдө көрсөтсө,

Банк мөөнөтүнөн өткөн төлөм үчүн 3.7 (b) Статьяда аныкталган комиссияны албайт.

**4-берене. Күчүнө киргендиги тууралуу жарыя**

Бул Макулдашуу жана Банктын бул Макулдашуу боюнча милдеттери, Алуучу тарабынан Банктын канаатануусу үчүн төмөндөгү көрсөтүлгөн документтер тапшырылган убакытка чейин күчүнө кирбейт:

(i) Бул Макулдашууну Алуучу тарабынан түзүү жана бекитүү бекитилген тартипте Алуучунун атынан Алуучунун ыйгарым укуктуу органы тарабынан авторизацияланганы же ратификацияланганы тууралуу, далил;

(ii) Банк үчүн алгылыктуу болгон, бул Макулдашуунун III-тиркемесиндеги формага ылайык түзүлгөн Кыргыз Республикасы үчүн бул Макулдашуунун шарттары милдеттүү түрдөгү юридикалык күчү бар деп тастыкталган, Алуучунун негизги юридикалык жана/же Сот бийликтери тарабынан берилген – Юридикалык корутунду;

(iii) (a) Каржы министрлиги же Алуучунун башка бир ыйгарым укуктуу органы тарабынан Алуучунун борбордук банкына жолдонгон, бул Макулдашуу боюнча Алуучунун Негизги сумма боюнча жана тейлөөлөр үчүн төлөмдөрү, төлөөгө туура келген күнү, борбордук банк тарабынан жүргүзүлөт деген көрсөтмө/ыйгарым укук берүү – каты; жана

(b) Борбодук Банктын бул көрсөтмө/ишеним-катын алгандыгы жана бул каттагы нускамалар боюнча иш алпараары тууралуу тастыктамасы;

ЖЕ

Алуучу өзүнүн Каржы министрлиги аркылуу же башка бир ыйгарым укуктуу органы аркылуу Банкка, тышкы карыздар менен иштеген тиешелүү башкармалык же бөлүм тиешелүү мөөнөттө тейлөөлөр үчүн Төлөмдү жана Негизги сумманын төлөмүн жүргүзүүгө тапшырма алгандыгы тууралуу тастыктаган катын жибериши керек; жана

**5-берене. Аракетти токтотуу, жокко чыгаруу жана бузуу**

5.1. Бул Макулдашуу жана Тараптардын бардык милдетмелери 2.2 беренеге ылайык автоматтык түрдө бузулат, эгерде:

(i) Макулдашуу 180 (жүз сексен) күндүн ичинде күчүнө кирбесе бул Макулдашуу кол коюулган күндөн баштап; же

(ii) Алуучу биринчи төлөмдү жүргүзүүгө кат берилбесе Макулдашуу күчүнө кирген күндөн баштап 180 (жүз сексен) күндүн ичинде.

5.2 Жалпы шарттардын VI-беренесинин жоболоруна кошумча, эгер Долбоорду ишке ашыруу учурундагы бул Макулдашуунун күчүнө кирүүсү менен аткарылган сатып алуу же ар кандай контракты аткарууда, Банк кандайдыр бир жак же орган санкцияга туура келген Кыймылга тиешеси бар экендигин аныктаса, жана Алуучу абалды оңдоо үчүн өз убагында Банкты канааттандыралык чараларды көрбөсө, Банк Алуучуга билдирүү менен Насыяны же анын бир бөлүгүн токтотуп жана/же жокко чыгара алат.

**6-берене. Долбоорду аткаруу**

6.1 Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги (долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (ДИАБ) Аткаруучу агенттиги болуп эсептелет.

6.2 Долбоорду ишке ашыруу күчүнө кирген күндөн тартып 4 (төрт) жылдын ичинде жана 3 айдын ичинде аякталышы керек.

6.3 Алуучу милдеттендирилет:

(i) Долбоорго тиешелүү Банк тарабынан жактырылган бюджеттер, пландар жана спецификацияларга ылайык квалификациялуу жана тажрыйбалуу жетекчилердин жана кызматчылардын көзөмөлүндө, тиешелүү ак ниеттүү административдик, каржы, инженер жана экономикалык тажрыйбага ылайык милдеттүү түрдөгү жоопкерчилик жана эффективдүүлүк менен Аткаруучу бийлик аркылуу өз операцияларын аткарып, Долбоорду ишке ашырууга;

(ii) Долбоор боюнча иш алпарган жана/же тейлөөлөрдү аткарган же товарларды алып келген бардык подрядчиктер жана консультанттар Долбоор боюнча өз иш аракеттерин Банкты канааттандыра турган жоопкерчилиги менен, эффективдүү жана ак ниеттүү техникалык, экономикалык жана социалдык тажрыйба жана стандарттар менен, ошондой эле Алуучуга колдонулуучу кайсы бир антикоррупциялык директивалардын жоболоруна ылайык, аткарышын камсыздоого же буйрук берүүгө;

(iii) Аткаруучу бийлик ар дайым Банкты канаатандыра турган ченем жана талаптарды жөнгө салууда тиешелүү чараларды кабыл алат жана Долбоордун жоопкерчиликтүү жана эффективдүү ишке ашуусунда зарыл болгон ыйгарым укук, жетекчилик жана администрацияга ээ болууга тийиш.

(iv) Банк тарабынан негиздүү талап кылынган Долбоордун ар кандай бюджеттеги, пландагы жана спецификацияда байкаштырылган орчундуу өзгөрүүлөрүнө, ошондой эле Долбоорду аткарууга тиешелүү болгон, ар кандай контрактта же тейлөө же товарларды сатып алуудагы өзгөртүүлөрдү Банкка анын жактыруусуна жибериши керек.

(v) Алуучунун өкүлү тарабынан же андан башка каражаттарды алуучу тарабынан Банк тарабынан каралган санкцияга туура келген

Кыймылдар тууралуу жобосунда каралган учурлар кездешип калса, жана Алуучу бул маселени колго алуу үчүн өз убагында Банкты канааттандырарлык тиешелүү чараларды көрбөгөн учурда, Насыянын каражаттары ушул сыяктүү чыгымдарды каржылоо үчүн колдонулбастыгын камсыздоо.

6.4 Төлөмдөрдү алуу үчүн шарттар: Биринчи төлөмгө кат жиберүү учурда же алдын ала курулуш иштерине Алуучу Банкка социалдык жана айлана чөйрө боюнча башкаруу Планын акыркы көчүрмөсү жана долбоордун жанындагы жашоочулардын башка жака которуу боюнча араккеттердин Планы берилсин.

**7-берене. Күбөлөндүрүү**

Алуучу төмөндөгүлөрдү билдирет:

(i) Макулдашууда каралган, ыйгарым укук берүү үчүн же жоопкерчиликтерди күчүнө киргизүү же укук тарабынан камсыздоо үчүн зарыл болгон, бардык мамлекеттик уруксаат берүүлөр жана ар түрдүү мүнөздөгү чаралар алынып жана аткарылып, тастыкталып жана толук кандуу күчүнө киргендигин.

(ii) Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча бул Макулдашуунун күнүнө Банктын Алуучуга каршы доосу Алуучунун ар кандай карыздарын камсыздабай башка бардык насыя берүүчүлөрдүн доолорунун бирдей шарттарында ажырымдалышы керек; жана

(iii) Тышкы карыздар менен иштеген тиешелүү башкармалык же бөлүм бекитилген мөөнөттө Негизги сумма үчүн жана тейлөөлөр үчүн төлөмдөрдү аткарууга тапшырма алышууга тийиш.

**8-берене. Өзгөчө шарттар**

8.1. Алуучу зарыл болгон учурда, кечиктирилгис тартипте, Банкты канааттандырган шарттарда Долбоор үчүн керектелүүчү бардык сумманы ошондой эле жергиликтүү валютада керектелүүчү сумманы берет. Долбоор аяктагандан кийин, Алуучу баштапкы жоболорго зыян келтирбестен тиешелүү эксплуатациялоо жана тынымсыз күтүү үчүн жеке булактарынын эсебинен керектүү каражатты бөлүп берүүгө милдеттенет.

8.2. Банк башка жолдорго макулдугун бербеген учурлардан башка учурда жана сатып алуу боюнча Колдонмонун талаптарына баш ийүү шарттарында, Алуучу Насыянын эсебинен каржыланган Товар жана тейлөөлөрдү сатып алуу үчүн төмөнкү учурларда контракты ыйгара алат:

- <u>Жарандык иштер</u>: Корумду – Балбай участогундагы курулуш (84км)- Эл аралык Конкуренттүүлүк Соодасы (ЭКС)

<u>Товарлар</u>:

- Автожолдорду күтүү боюнча жабдыктарды алып келүү (атайын жабдыктар)- (ЭКС)

- IT жабдуу долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү үчүн – ачык базарда сатып алуу
- Кеңсе эмереги долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү үчүн – ачык базарда сатып алуу
- Кызмат транспорту долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү үчүн – ачык базарда сатып алуу

Кызматтар:

- Ыссык-Көл облусун өнүктүрүү Жол картасын иштеп чыгуу үчүн изилдөө жана жол тармагын өнүктүрүүгө жеке секторду тартуу (эксперт-2)- ИК (индивидуалдык консультант)/МК (жергиликтүү консультант)
- ОРП штаты (7 жетектөөчү кесиптер)- жергиликтүү персоналдар
- Финансы аудиттик кызмат – ОНС (МК)

8.3. Алуучу төмөнкүлөрдү ыйгаруу боюнча Банктын алдын ала макулдугун алышы керек:

(i) Товар жана иштерге 150 000,00 ИД (жүз элүү миң ислам динары) ашык эквиваленттеги баадагы ар кандай контракт; жана

(ii) Консультациялык тейлөөгө бардык контракттар.

8.4. Бул Макулдашуу боюнча башка жоопкерчиликтерин чектөөсүз түрдө Алуучу, Банкка Долбоорду аткарууга байланыштуу Товарларды сатып алуу же тейлөө үчүн ар кандай контрактагы ар кандай өзгөртүүлөргө түшүндүрмөлөрдү берүү үчүн жана контракттын мөөнөтүн узартууга негиздүү мөөнөт берет.

8.5. Алуучу тендер өткөрүү документтери жана контракттар Банкка алгылыктуу болгон коррупцияга жана алдамчылыкка каршы, жоболорду жана Долбоорду аткарууга тиешеси бар бардык агенттиктердин, ошондой эле подрядчынын, жеткирип берүүчүнүн, консультанттын жана башка тейлөөлөрдү аткаруучулардын жазууларын жана эсептерин текшерүү боюнча Банкка укук берүүчү жоболордун камтылышын камсыздоосу же буйрук берүүсү керек.

8.6. Алуучу тарабынан изилдөөнүн жыйынтыктары, Долбоор боюнча пландар жана спецификациялар, аны аткаруу графиги жана ар кандай өзгөртүү материалдары кабыл алынгандан кийин, Банк тарабынан бул маселелер боюнча негиздүү суроо жиберген учурдагы кеңири маалыматтар менен бирге кечиктирилбестен Банкка жөнөтүлүшү керек.

8.7. Алуучу төмөнкүлөр үчүн жетиштүү болгон жазууларды жүргүзөт:

(i) насыянын суммасынан каржылануучу Товар жана/же тейлөөлөрдү жана алардын Долбоордо пайдаланылышын аныктоо;

(ii) Долбоорду ишке ашыруу иштеринин жүрүшүн белгилөө; жана

(iii) жалпы кабыл алынган тажрыйбага ылайыктуу Аткаруучу агентствонун операциялар жана каржы абалынын отчетторун көрсөтүп туруу.

8.8. Алуучу долбоорду аткаруу учурунда жана бул Макулдашуу боюнча бардык өз милдеттерин аткарууга чейин Банктын дайындалган өкүлдөрүнө иш сапары менен келип, Долбоорду, жана ага тиешелүү Товар жана ар кандай жазууларды жана документтерди текшерүүгө; ошондой эле, Банктын негиздүү түрдө талап кылган бардык маалыматтарды, Насыянын каражаттарын, Долбоордун, Товар, операцияны пайдалануу боюнча жана Аткаруучу агентствонун каржы абалы тууралуу маалыматтарды берүүгө тийиш.

8.9. Алуучу, Банк тарабынан каржыланган бардык Товарларды жана иштерди, Банкка алгылыктуу түрдө көрүнүктүү камсыздандыруу компаниялардан тиешелүү камсыздандыруу боюнча буйрук берет же камсыздандырат. Мындай камсыздандыруу рационалдык коммерциялык тажырыйбага жооп бере турган суммага Алуучунун аймагына жана долбоордогу участкага сатылып алынган Товарды жеткирүүдөгү суу, транзиттик жана башка коркунучтарды жабышы керек. Мындай камсыздандыруу, Алуучунун мыйзамчыгаруусуна ылайык, сатып алуулар боюнча Колдонмого таянып, эркин конвертацияланууучу валютада же контракттын валютасында ишке ашырылат.

8.10. Долбоорду аткарууга керектелген кандай жана качан керек болгон учурда  жер участкаларын жана жерге укугун Алуучу алып бериши керек жана Банктын суроосу боюнча Банкка бул жер участкалары жана жерге болгон укук Долбоордун максаттары үчүн алгылыктуу экендиги тууралуу тастыктоо жиберүүгө тийиш.

8.11. Алуучу тарабынан Долбоорду аткарууда Аткаруучу агентствого жол бере турган бардык тиешелүү чараларды көрөт, жана бул Макулдашуунун ар кандай жоболорун аткаруудагы же Долбоорду пайдалануу же аткарууга жолтоо болгон ар кандай кыймылдарга уруксат бербейт же чара көрбөйт.

8.12. Эгер Банк тарабынан башка тууралуу чечим кабыл алынбаса, анда Банк тарабынан Алуучуга берилген бардык документтер, корреспонденция жана маалыматтар көмүскө деп эсептелет.

8.13. Банк тарабынан каржыланган долбоордун бардык салыктары, чегерүүлөрү, жыйым жана пошлиналарын Алуучу көтөрөт.

8.14. Алуучу Долбоор үчүн каржылоодо дефицит болбошун камсыздайт жана каражаттардын бардык ашыкча чыгымдары үчүн жоопкерчиликте.

8.15 Алуучу, Долбоорду ишке ашыруу учурунда бардык участкадагы такталарга, ошондой эле тетик жана документтерге төмөнкү фразаны көрсөтүп жана Долбоордун жергиликтүү түшүнүгү үчүн пайдаланылган тилде которулуу жолу менен Банктын Долбоордогу катышуусу тууралуу көрсөтүлүүсүн камсыздайт.

**«Ислам Өнүктүрүү Банкы тарабынан каржыланган долбоор».**

**9-берене. Отчеттор**

9.1 Тараптар Насыянын каражаттары Долбоордун максаттары үчүн пайдалануу максатында, кызматташат жана маалыматтар менен бөлүшөт. Бул маалыматты берүү үчүн ар бир тарап Насыянын жана Долбоордун жалпы абалы боюнча негиздүү түрдө суроо жиберген учурда аткарылат. Алуучу тарабынан мындай маалымат каржы жана экономикалык, ошондой эле Алуучунун калган төлөмдөрү тууралуу билдирүүлөрдү камтыйт.

9.2 (i) Алуучу Банктын канаатануусу үчүн төмөнкү отчетторду берүүнү камсыздоого жана берүү үчүн буйрук берүүгө милдеттендирилет:

(a) ар бир чейрек бүткөндөн кийин 30 (отуз) күндүн же Тараптардын макулдашылган мөөнөтүнүн ичинде Банк тарабынан мезгили менен көрсөтүлүп туруучу формага ылайык Долбоорду аткаруу боюнча;

(b) Насыянын каражатынын пайдаланылышы жана Долбоордун жүрүшү тууралуу Банк талап кылган башка отчеттор;

(c) Долбоор аяктагандан кийин эле, бирок кандай учурда да Жабылган күндөн кийинки 180 (жүз сексен) күндүн ичинде же Банк менен Алуучунун ортосундагы макулдашылган андан кийинки мөөнөттө, Алуучу Банк негиздүү түрдө сураган көлөмдө жана кеңири түрдө Долбоорду аткаруу жана биринчи пайдалануу тууралуу отчету даярдап, Банктын кароосуна жиберет.

(ii) Бул Бөлүмдө баяндалган документтер, Банк негиздүү түрдө талап кылгандай, Банктын кароосу боюнча күбөлөндүрүлүшү керек.

**10-берене ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ**

10.1. Бул Макулдашууга байланыштуу же жыйынтыгында талаш-тартыштар, анын иштеши же бузулушу жөнүндө кандайдыр бир суроо чыга турган болгон учурда, бул Макулдашуунун жыйынтыгында кандайдыр бир тараптын башка тарапка кандайдыр бир доосу болуп тараптардын бирөөсүнө билдирилген күндөн тартып 30 күндүн ичинде Тараптардын макулдугу менен чечилбесе, арбитраж жана жөнгө салуу боюнча Эл Аралык Ислам Борборунун (IICRA), Дубай, Бириккен Араб Эмираттары эрежелери жана процедураларына ылайык корутунду жана милдеттендирүүчү чечим үчүн арбитраждык комисияга берилет. IICRA арбитражынын эрежелери жана процедуралары бул Макулдашуунун Тараптарларынын ортосундагы талашты же анын жыйынтыгында бир Тараптын башка бир Тарапка болгон ар кандай доосун чечүү үчүн ар кыл башка процедураларды алмаштырат.

10.2. Эгер арбитраждык чечим кабыл алынып, Тараптарга берилгенден кийин 30 күн ичинде бул чечим сакталбаса, бир Тарап башка Тарапка каршы чечим же чечимдин аткарылышы үчүн юрисдиксияга компетентүү болгон кандай болбосун сотко кайрыла алат же сот ишин козгой алат.

10.3. Арбир тарап бул Макулдашуу макулдашылат, анткени кандайдыр бир соттун чечими, чыгарылган бул Макулдашуунун алкагында каршы ага, балким аткарууга мамилесине анын фондуларына (активтерине), жайгашкан ар түрдүү юрисдикцияларына. Тараптар учурда кайтарылгыз баш тартат ар кандай каршы чыгууга, аларда мүмкүнчүлүк бар ар кандай доого, укуктук аракеттер же соттук териштирүү, келип чыгуудагы же тийиштүүлүгү аткарууга арбитраждык өкүм, чыккан бул Макулдашуу алкагында, юрисдикциядан көзкарандысыз, алардын фондуларына (активдерине) таандык, жана андан ары кайтарылсыз баш тартат ар кандай доодон малилеге тиги же ушундай доого, укуктук аракет же соттук териштирүү, чыккан кээбир юрисдикция жүргүзүлгөн каалаган ыңгайсыз жерде ишти кароого.

10.4. Канчалык Банк ар кандай юрисдикцияга иммунитетке ээ болот доодон, аткаруу, мүлктөрдү алууга (камсыз же аткаруу болобу, чечим же өкүм же башка чыкканга чейин), көрсөткөн ага же активдерине, же башка соттук процессге, же канчалык аркандай ушундай юрисдикция иммунитетке болжолдонгон мамилеге же анын активдерине (жарыяланган же жок), Алуучу бул кайтарылгыз макулдашат мындай иммунитетке ээ болбой жана бул кайтарылгыз баш тартат андан.

## 11-берене. Жөнгө салуу жана билдирүү

11.1 Жалпы шарттардын 11.03 бөлүмүнүн максаттары үчүн жана бул Макулдашуунун чегиндеги бардык маселелерге жана факт түрүндө чектөөсүз иш алпаруу үчүн Алуучу Кыргыз Республикасынын каржы министрлигин Алуучунун ыйгарым укуктуу өкүлү катары **(Алуучунун өкүлү)** дайындайт; ошону менен Алуучунун өкүлү төмөнкү иштерди алып барат:

(i) Банк менен тикелей иш алып баруу.

(ii) Бул Макулдашуунун күчүндө Алуучуга жүктөлгөн милдеттер үчүн түздөн түз жоопкерчилик алуу;

(iii) Бул Макулдашууну ишке ашырууга байланыштуу бардык маселелер боюнча Банк менен болгон мамилеге жооп берүү; жана

(iv) Ар дайым тиешелүү, эффективдүү жөнгө салу жана мамиле түзүү, ошондой эле Алуучу жана Аткаруучу агентство өз милдеттерин аткаруусун камсыздоо.

11.2 Алуучу кат түрүндө Банкка билдирүү менен Алуучунун өкүлүн алмаштыра алат.

11.3 Бул Макулдашуунун чегинде жана Жалпы шарттардын 10.01 бөлүмүнүн максаттары үчүн берүүгө же түзүүгө туура келген ар кандай билдирүү, суроо-талап же башка документ кат түрүндө болууга тийиш жана эгер өз колуна, авиа почта менен, тандалган курьердик почта же факсимилие менен бериле турган Тарапка төмөндө көрсөтүлгөн дарек

боюнча же Тараптын башка Тарапка билдирүү менен өзгөртүп көрсөткөн дарекке берилсе милдеттүү түрдө берилди деп эсептелинет.

**Алуучу үчүн:**
Кыргыз Республикасынын каржы министрлиги
Эркиндик бульвары, 58, Бишкек шаары
Кыргыз Республикасы, 720040
Тел.: +996 (312) 62-58-65
Факс.: +996 (312) 66-19-55

**Банк үчүн:**
Халид Падыша көчөсү 8111, Аль Нузла Ямания р-ну
№1 Блок
Джедда-21432
Сауд Аравия Королдугу
Тел.: +996 2 6361400
Факс: +996 2 6366871
Email: archives@isdb.org

**12-берене. Башка маалыматтар**

12.1. Преамбуласы жана тиркемелер бул Макулдашуунун ажырагыс бөлүгү.

12.2. Бул Макулдашуу, бардык оңдоолорду эске алганда документтер алмашуу жолу менен аткарылат, бардык учурда бир макулдашуу деп эсептелет. Бул Макулдашуунун көчүрмөсү, түп нуска сыяктуу эле милдеттендирүүчү күчкө ээ, ал эми факс менен же сканерден өткөрүлүп эл.почта аркылуу жиберилген Тараптардын коюлган колу аткаруу жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн жетиштүү деп эсептелинет, бирок Тараптар кол коюуларды түп нускасы менен жиберүүнү талап кыла алышат.

12.3. Бул Макулдашуу Тараптардын ортосундагы анын маселелери боюнча мурдагы жазуу түрүндөгү же ооз эки келишимдерди алмаштырат жана бир бүтүн келишим деп эсептелет. Бул Макулдашуунун Жоболору кандайдыр бири чыныгы эмес, укуктук эмес же мыйзам түрүндө күчү жок болуп, бирок башка жоболордун чындыгына, талкуулоосуна же укук колдонуусуна таасирин тийгизбеген учурлар болуп бөлүнөт.

12.4. Бул Макулдашууну Тараптардын өз ара кат түрүндөгү макулдугу менен оңдоого болот.

12.5. Бул Макулдашуунун бардык максаттары үчүн датасы катары Макулдашуунун Преамбуласында көрсөтүлгөн дата эсептелет.

12.6. Бул Макулдашуу, ошондой эле аркандай оңдоолор, бир нече экземплярда түзүлүшү мүмкүн, алардын ар бири оригинал болуп

эсептелет, бардык экземплярлар бир жана ошол документ болуп саналат. Бул Макулдашуунун эксземплярлары кол коюлушу мүмкүн жана факсимиле берилиши же башка каражатардын жардамы аркылуу электрондук кол коюлушу мүмкүн (документ жылдыруу формат менен)бардык тараптардан, алуучу жак таянууга мүмкүн ушундай документти алууга, ошондуктан кол коюлган жана электрондук жолу менен берилген же факсимиле менен, кандай болсода егер оригинал алынышы керек.

**Кол коюу барагы**

**ДАЛИЛИДӨӨ МЕНЕН,** Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тексттин башында көрсөтүлгөн күнү кол коюшту.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ҮЧҮН ЖАНА АТЫНАН

________________________________

Каржы министри
Кыялбек Мукашев
Датасы:

**ИСЛАМ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫ**
ҮЧҮН ЖАНА АТЫНАН

________________________________

Док-р Мансур Мухтар
Вице-президенти (Страновые программы)
Датасы:

I-тиркеме

# ДОЛБООРДУ БАЯНДОО

Долбоордун максаты жол–транспорттук инфраструктурасын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана долбоордук жол участогу боюнча жүк жана адамдарды ташуу кыймылынын коопсуздугу болуп саналат. Өзгөчө, ал жардам берет транспорттук каттамдарды, азыркы учурда маанилүү жана муктаждыкты канаттандырарлык келечекте транспортту, чектөөнү жоюу, учурдагы автожолдун эффективдүүлүгүнө тоскоол, жолдордун шарттарына жана сапатсыз долбоорлоосуна тийиштүү. Жана дагы транспорттук-тейлөөсүн чыгымдары жана жолдо баруунун орточо убакытын азайтуу максаты болуп саналат. Социалдык-экономиканы өнүктүрүүгө жана долбоордук зонадагы жашап жаткан элдердин жашоосунун деңгелин жогорулатууга оң таасири чоң жана өлкөгө бүтүндөй.

Бул долбоор төмөнкү компоненттерди камтыйт:

(i) **Автожолдун курулушу** курулуш иштери автожолунда узундугу 80,5 км Корумду - Балбай участогуна чейин, 104-184,5 км жана көпүрөлөрдү реабилитациялоо жана түтүктөрдү автожолундагы жайгашкан, жер, дренаждык жумуштарды аткаруу, курулмаларды, жол тилкесин төшөө, инженердик курулмаларды жана башка жумуштарды реабилитациялоо жогоруда көрсөтүлгөн жумуштардын түрлөрүнө байланыштуу. Автожол жакшыртылат IIкатегорияга, 4 полосалуу эки жактуу кыймылы менен.

(ii) **Долбоорду ишке ашыруу жана көзөмөл көрсөтүү** консультациялык кызматтар, анын чинде деталдык долбоорлоону иштеп чыгуу жана обзорлоо, тендердик документтерди даярдоо жана долбоор алкагында граждандык иштерди көзөмөлдөө контракттык негизинде аткаруу. Консультант дагы аткарат долбоордук участогунда жол коопсуздугуна аудит кылууга ишенүү техникалык долбоор менен жол коопсуздугун камсыз кылуу чаралары каралгандыгын. Социалдык жана айлана чөйрөнү башкаруу деталдык План даярдалат социалдык жана айлана чөйрөгө таасири зарыл чаралар кабыл алууга камсыздануу курулуш жана тейлөө процессде.

(iii) **Долбоорду башкаруу** бөлүмү түзүлүшү үчүн керек болгон бардык чыгашаларды, логистикалык камсыздандыруу жана эмеректер менен камсыздандыруу, долбоорду башкаруу персоналдардын айлык акысы, Буга дагы сатып алуу билдирүү публикациялоого кеткен чыгымдар ж.б.

(iv) **Долбоордун каржы аудитордук тейлөөлөрү** өз долбоорлорун аудитин аткаруу боюнча типтүү шарттарына карап аудитордук тейлөөлөр көрсөтүлөт.

(v) **Жолдорду күтүү жана коргоо** – бул компонент алкагында автожолдорду күтүү үчүн техникалар жана жабдуулар сатып алынат

Министрликке курулуш иштери бүткөндөн кийин жолду күтүүгө болот жана дагы тараза көзөмөлдөө пункту автожолдорду транспорттук каражаттар тарабынан келтирилген зыяндан коргоого болот ылайык келбеген талаптарга жолдун огуна карата жүктөрдөн. Бул компонент дагы тейлөөнүн өзүн өзү актоо камсыз кылат курулуш аяктагандан кийин.

(vi) **Техникалык изилдөө** компонент каржылайт 2 техникалык отчетторду даярдоого: (i) Кыргыз Республикада транспорттук тармакта жеке сектордун катышуусу жана (ii) кошумча баанын цепочкасын жана Ысык-Көл облусунда өзара байланыштарды кеңейтүү. Бул компонент Банкка жана Өкмөткө жардам берет долбоор үчүн кошумча каржылоону бөлүштүрүү мүмкүнчүлүкдөрдү аныктоодо жана ушундай кадам долбоорлорду ишке ашырууда, кошумча баа цепочкасы Глобалдык интервенциялары менен.

II-тиркеме

**ГРАФИКТЕР А-графиги**

**Негизги сумманы жабуу**

| | | |
|---|---|---|
| Номер | Дата | Сумма (ИД) |
| 1 | 31 декабрь 2027 | 403,696.89 |
| 2 | 30 июнь 2028 | 403,696.89 |
| 3 | 31 декабрь 2028 | 403,696.89 |
| 4 | 30 июнь 2029 | 403,696.89 |
| 5 | 31 декабрь 2029 | 403,696.89 |
| 6 | 30 июнь 2030 | 403,696.89 |
| 7 | 31 декабрь 2030 | 403,696.89 |
| 8 | 30 июнь 2031 | 403,696.89 |
| 9 | 31 декабрь 2031 | 403,696.89 |
| 10 | 30 июнь 2032 | 403,696.89 |
| 11 | 31 декабрь 2032 | 403,696.89 |
| 12 | 30 июнь 2033 | 403,696.89 |
| 13 | 31 декабрь 2033 | 403,696.89 |
| 14 | 30 июнь 2034 | 403,696.89 |
| 15 | 31 декабрь 2034 | 403,696.89 |
| 16 | 30 июнь 2035 | 403,696.89 |
| 17 | 31 декабрь 2035 | 403,696.89 |
| 18 | 30 июнь 2036 | 403,696.89 |
| 19 | 31 декабрь 2036 | 403,696.89 |
| 20 | 30 июнь 2037 | 403,696.89 |
| 21 | 31 декабрь 2037 | 403,696.89 |
| 22 | 30 июнь 2038 | 403,696.89 |
| 23 | 31 декабрь 2038 | 403,696.89 |
| 24 | 30 июнь 2039 | 403,696.89 |
| 25 | 31 декабрь 2039 | 403,696.89 |
| 26 | 30 июнь 2040 | 403,696.89 |
| 27 | 31 декабрь 2040 | 403,696.89 |
| 28 | 30 июнь 2041 | 403,696.89 |
| 29 | 31 декабрь 2041 | 403,696.89 |
| 30 | 30 июнь 2042 | 403,696.89 |
| 31 | 31 декабрь 2042 | 403,696.89 |
| 32 | 30 июнь 2043 | 403,696.89 |
| 33 | 31 декабрь 2043 | 403,696.89 |
| 34 | 30 июнь 2044 | 403,696.89 |
| 35 | 31 декабрь 2044 | 403,696.89 |
| 36 | 30 июнь 2045 | 403,696.85 |
| **Баардыгы:** | | **14,533,087** |

| | |
|---|---|
| | |

**В-графиги**
**Тейлөөлөр үчүн төлөм**

**№** **Дата** **Сумма (ИД)**

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| Номер | Дата | Сумма (ИД) |
| 1 | 31 декабрь 2020 | 16,138.26 |
| 2 | 30 июнь 2021 | 16,138.26 |
| 3 | 31 декабрь 2021 | 40,345.63 |
| 4 | 30 июнь 2022 | 40,345.63 |
| 5 | 31 декабрь 2022 | 40,345.63 |
| 6 | 30 июнь 2023 | 40,345.63 |
| 7 | 31 декабрь 2023 | 40,345.63 |
| 8 | 30 июнь 2024 | 40,345.63 |
| 9 | 31 декабрь 2024 | 40,345.63 |
| 10 | 30 июнь 2025 | 40,345.63 |
| 11 | 31 декабрь 2025 | 45,187.11 |
| 12 | 30 июнь 2026 | 45,187.11 |
| 13 | 31 декабрь 2026 | 46,733.43 |
| 14 | 30 июнь 2027 | 45,187.11 |
| 15 | 31 декабрь 2027 | 45,187.11 |
| 16 | 30 июнь 2028 | 45,187.11 |
| 17 | 31 декабрь 2028 | 45,187.11 |
| 18 | 30 июнь 2029 | 45,187.11 |
| 19 | 31 декабрь 2029 | 45,187.33 |
| 20 | 30 июнь 2030 | 45,187.33 |
| **Итого:** | | **806,913.10** |

| | **С-графиги<br>Насыядан каражаттарды алуу (млн.АКШ доллар)** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Компоненттер** | Жалпы баа | Банк | | Реципиент | |
| | | Сумма | % | Сумма | % |
| Автожолду куруу (80,5 км) | 109.80 | 16.10 | 14.6 | 11.70 | 10.7 |
| Долбоорду башкаруу бөлүмү (ДББ)) | 0.50 | 0.50 | 100.0 | | |
| Каржы аудити | 0.05 | 0.05 | 100.0 | | |
| Автожолдорду күтүү жана коргоо | 1.80 | 1.50 | 83.3 | | |
| Техникалык изилдөө | 0.05 | 0.05 | 100.0 | | |
| **Баардык баа** | **116.20** | **18.20** | **15.6** | **11.70** | **10.1** |
| Каралбаган чыгымдар (5%+5%) | 11.60 | 1.80 | 15.7 | 1.10 | 9.5 |
| **Жалпы наркы** | **127.80** | **20.00** | **15.6** | **12.80** | **10.0** |

III-тиркеме

ЮРИДИКАЛЫК КОРУТУНДУНУН ФОРМАСЫ БАШКЫ ЮРИСТИ ЖАНА/ЖЕ ЮСТИЦИЯ МЕКЕМЕСИ

[БЛАНККА ТҮШҮРҮЛҮП БЕРИЛЕТ]

Ислам Өнүктүрүү Банкы
Короля Халида көч. Аль Нузла Аль Ямания рай-ну
Блок № 1, Джедда-21432
Сауд Аравия Королдугу

Урматтуу мырзалар,

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Юстиция министрлиги өзүнө жүктөлгөн укук маселелери боюнча, Юстиция министрлиги укуктарымдын чегинде, учурда, ____/____/____Х, ____/____/____-ж. туура келген, Насыялык макулдашуунун 4-беренеси боюнча берилген, Кыргыз Республикасы менен Ислам Өнүктүрүү Банкынын («**Банк**») ортосундагы («**Насыялык макулдашуу**») Корумду – Балбай участогундагы Ысык-Көл айланма автожолун реконструкциялоо Долбоору боюнча каржылоого («**Долбоор**») 14 533 088 ИД (он төрт миллион бешжүз отуз үч миң 088 ислам динары) суммасынан ашпаган, эквиваленттик түрдө 20,000,000.00 АКШ долл.жакын (жыйырма миллион АКШ доллары).

Бул Юридикалык корутундунун максаттар үчүн мен төмөндөгүлөрдү изилдеп чыктым,

(i) Насыялык макулдашуу

(ii) Насыялык Макулдашууну бекитүүнү жана кол коюуга ыйгарым укук берүүнү

(iii) Кыргыз Республикасынын бардык, мыйзамдарын, эреже жана жобо, буйрук, жарлык жана башкалар; жана

(iv) Юстиция министрлиги зарыл деп эсептеген башка документтер.

Буга ылайык, Юстиция министрлиги мындай корутумдуга Насыялык макулдашуу Кыргыз Республикасы үчүн жана атынан кол коюлган деген жыйынтыкка келди ___________________________.

(a) Мамлекеттик колдонулган жана/же юридикалык процедураларга ылайык коюлган тартипте макулдашылган, аткарылган и жана кол кюулган;

(b) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын эч кандай жоболорунун, кайсы бир мыйзамынын, тартип, жобо, буйрук жана жарлыгын бузбайт; жана

(c) Кыргыз Республикасынын милдеттеринин мыйзамдуу, тастыкталган жана юридикалык күчү бар, бул макулдашууда айтылган

шарттарына ылайык Кыргыз Республикасына каршы укук колдонула турган.

Кыргыз Республикасында, Бишкекте АТКАРЫЛГАН _____/_____/_____ | X (____/_____-ж. тиешелүү).

Урматтоо менен

Колу| Аты жөнү| Ээлеген кызмат орду: